**“БЕКИТЕМИН”**
**К.Карасаев атындагы Бишкек**
**мамлекеттик университетинин**
**илимий иштер боюнча проректору**
**ф.и.д., профессор Мурзахметова Г.М.**

**“17” апрель 2025-ж.**

**Жумалиева Венера Боронбаевнанын** 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **“Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү”** деген темадагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасына жетектөөчү мекеме К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасынын

## КОРУТУНДУ - ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Адамзаттын тарыхында белгилүү улуу инсандардын орду-эбегейсиз чоң. Улуу инсандарды өз дооруна тийгизген таасири, учурдагы кыйынчылыктарды жана тоскоолдуктарды жеңиши, коомдун өнүгүшүнө кошкон салымы аркылуу баалоого болот. Айрыкча, кыргыз совет мамлекеттүүлүгүн түптөөдө жана калыптандырууда саясий жана мамлекеттик чыгаан инсандардын ишмердүүлүгүн илимий негизде изилдөө бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Президенти С. Н. Жапаровдун 2021-жылы 11-февралдагы “Азыркы кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүүгө зор салым кошкон Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана саясий ишмери Жусуп Абдрахмановдун элесин түбөлүккө калтыруу жана анын туулган күнүнүн 120 жылдыгын жогорку улуттук деңгээлде майрамдоо” Жарлыгында Кыргызстандын совет доорунун тарыхындагы өнүгүү мезгилин акыйкаттык менен изилдеп, чыгаан мамлекеттик ишмер Жусуп Абдрахмановдун ар

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 04-8/81
«18» 04 2025 г.

тараптуу мамлекеттик ишмердүүлүгүн жаңыча көз караш менен изилдөө маселеси көтөрүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Президентинин №361-Жарлыгы менен 2021-жылдын 27-августунда мамлекеттин жана Кыргызстан элинин алдында көөнөрбөс эмгеги жана туулган күнүнүн 120 жылдыгына байланыштуу советтик мамлекеттик жана партиялык ишмер Жусуп Абдрахмановго "Ак Шумкар" өзгөчө белгисин тапшыруу менен "Кыргыз Республикасынын Баатыры" эң жогорку артыкчылык даражасы ыйгарылды. Кыргыз элим деп өмүрүн берген улуу кеменгер инсанга кечигип болсо дагы көрсөтүлгөн улуу урмат болду. Анткени элдин келечектеги тагдырын чечкен аракеттери кыргыз тарыхындагы чыгаан инсан экендигин далилдеп, ысмы элдин эсинде түбөлүккө калды.

Кыргыз совет мамлекетин түптөөдө Жусуп Абдрахмановдун саясий көрөгөчтүгүн, көсөмдүгүн, жогорку деңгээлде ой жүгүрткөн акылмандыгын, улуттук лидер катары өлкөнүн бүтүндүгүн, көз карандысыздыгын бийик койгон ишмердүүлүгүн окуп үйрөнүүдө жаш муундарды Ата Мекенин сүйүүгө, мекенчил болууга түрткү берет. Андыктан изилдөөгө алынган диссертациялык эмгек жаңы муунду тарбиялоодо коомчулукка пайда алып келиши менен учурдун талабына жооп берет.

2024-жылы Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына арналган юбилейлик иш-чараларды өткөрүүнүн алкагында азыркы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына жана өнүгүшүнө сиңирген эмгегин жана ролун таануу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылы 24-июлдагы № 205-Жарлыгында: "Кыргыз Республикасынын жаңы тарыхында саясий элитанын өкүлдөрү – улуттук лидерлер Абдыкерим Сыдыковго, Иманалы Айдарбековго, Жусуп Абдрахмановго, Абдыкадыр Орозбековго, Ишеналы Арабаевге "азыркы Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталар" деген наам ыйгарылып, алардын Ата Мекен алдында өтөгөн эмгегин белгилеген. Алардын кыргыз тарыхында

али изилдене элек ишмердүүлүктөрүн ар тараптуу илимий изилдөөгө алуу жагы сунушталган.

Кыргыз элинин көз карандысыздыгын коргоодо кыргыз совет мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын түзүүчүлөрдүн башында турган, өлкөнүн эркин өнүгүшү үчүн өмүрүн берген чыгаан мамлекеттик жана саясий ишмер Жусуп Абдрахмановдун көп кырдуу мамлекеттик ишмердүүлүгүн илимий изилдөөгө алуу кыргыз совет мамлекетинин түзүлгөндүгүнүн жүз жылдык тарыхын окуп-үйрөнүү үчүн да актуалдуу болуп эсептелет.

**2. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин деңгээли.** Изденүүчү каралып жаткан диссертациялык иште бир катар жаңы илимий-практикалык жыйынтыктарды чыгарган:

**1 - жыйынтык.** Талапкер илимий изилдөөсүнүн тарыхнаамасын 3 топко бөлүп караган: Биринчи топко Жусуп Абдрахманов тууралуу жазышкан кыргыз тарыхчыларынын эмгектери кирген. Экинчи топто Жусуп Абдрахманов жөнүндө жооптуу мамлекеттик ишмерлердин эмгектери, үчүнчү топто Жусуп Абдрахманов тууралуу советтик жана чет өлкөдө жарык көргөн эмгектер талдоого алынган. Тарыхнаамадагы изилдөөлөрдөгү илимий теманын алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөр жана илимий маалыматтар анализденген (I бап).

**2 - жыйынтык.** Диссертациялык иште изилдөөнүн методологиясы менен бирге тарыхый булактык базасы талдоого алынган. Анда илимий изилдөөнү жүргүзүүдө мурда коомчулукка белгисиз болуп келген жаңы тарыхый маалыматтарды Россия мамлекеттик социалдык – саясий тарыхы архивинен (Орус тилиндеги аталышы: РГАСПИ - бывший Центральный партийный архив Института максизма-ленинизма при ЦК КПСС), Оренбург областынын мамлекеттик архивинен (ГАОО), Самара областынын борбордук мамлекеттик архивинен (ЦГАСО), Казакстан Республикасынын Президенттик архивинен (АП КР), Өзбекстан Улуттук архивинен (НАУ), Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик коомдук-саясий документтер архивинен (ЦГА ОПД КР), Кыргыз Республикасынын

Борбордук архивинен (ЦГА КР) жана Ысык-Көл областынын мамлекеттик архивинен (Иссык-Кульский ОГА) алынган маалыматтар киргизилген.

Изилдөөчү илимий ишти жазууда негизги илимий методологиялык ыкмаларды пайдаланган. Ал менен бирге коомдук илимдердеги теориялык жана методологиялык ыкмаларды колдонгон. Изилдөө жүргүзүү объективдүүлүк, тарыхыйлуулук, салыштыруу жана хронологиялык илимий ыкмаларды ар тараптуу талдаган. Илимий изилдөөдө коюлган максат менен милдеттерге ылайык Кыргызстандагы жана Россиянын архив булактары пайдаланылган. Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү тууралуу жаңы архив документтери аркылуу жаңы булактык база болуп бере турган тарыхый маалыматтарды илимий айлампага киргизе алган. Аталган бапта изилденип жаткан маселенин объектиси, предмети, булактык базасы жана теориялык-методологиялык негиздери каралган. Изденүүчү тарабынан изилдөө ыкмалары, усулдары туура колдонулган (II бап).

**3 - жыйынтык.** Диссертациялык изилдөөдө анын саясатчы жана мамлекеттик ишмер катары калыптануу мезгилиндеги тарыхый доорго аныктама берилип, дүйнөгө болгон көз карашына эмне негиз болгонун, улуттук лидер катары кандай сапаттарга ээ экендигин, кандай принципке таянып, ал көтөрүп чыккан маселелер канчалык деңгээлде ишке ашырылгандыгын, мамлекеттин келечеги жана кызыкчылыгы үчүн күрөшүүдөгү ролун аныктоого аракет жасалган. Анын өмүр жолун изилдеп, тактоодо Москва шаарындагы Россия социалдык-саясий тарыхы мамлекеттик архивинен (РГАСПИ) жана Казакстан Республикасынын Президенттик архивинен (АП КР) жаңы маалыматтар архив булактарынын негизинде далилденген (III бап).

**4 - жыйынтык.** Жусуп Абдрахмановдун өмүр жолу жана мамлекеттик ишмердүүлүгү Ата Мекенге кызмат кылуунун бийик үлгүсү болгон. Өкмөт башчы болуп, Кыргызстанды жетектеп турганда өнөр жай, айыл чарба жана маданият тармактарында социалисттик курулуштун алгачкы пайдубалын түптөп, азыркы экономиканын жана социалдык инфраструктуранын негизин

түзүп, транспорт, энергетика, ирригациялык система, шаарлардын курулушуна, айыл-кыштактарды түзгөнгө, улуттук маданиятты сактап, илим-билим тармагын өнүгүү жолуна салганга чоң салым кошкон. Жусуп Абдрахманов өкмөт башчысы болуп турганда Кыргызстан өнүгүүнүн бардык тармактары боюнча ийгиликтерге жетишкен. Анын мыкты жетекчи катары мамлекетти оор абалдан чыгарууга, өнүгүү жолуна салууга болгон акылын,билимин, болгон мүмкүнчүлүгүн жана тажрыйбасын жумшаганы аныкталган. (IV бап).

**5 - жыйынтык.** Архивден табылган жаңы маалыматтар боюнча 1935-1937-жылдары Жусуп Абдрахманов Оренбург шаарында Оренбург областтык аткаруу комитетинин мал чарбасы боюнча областтык Жер бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп иштегендиги тастыкталган. Анткени ошол жылдары Оренбург областы жаңыдан түзүлүп, айыл чарба тармактарындагы уюштуруу иштерине жигердүү катышкан.

Диссертациялык иликтөө жүргүзүүдө Москвадагы Россия мамлекеттик архивинде Жусуп Абдрахмановго коюлган саясий күнөөлөр жөнүндө маалыматтарга таянып, анын ошол кездеги партиялык бийликтин жүргүзгөн саясатынын курмандыгы болгондугу далилденген. (IV бап).

**3. Диссертациялык изилдөөдө чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Изденүүчү алынган илимий жаңылыктарынын негизинде тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо үчүн төмөндөгүдөй илимий жоболорду сунуш кылган:

**1 - жыйынтык.** Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүн изилдөөдө кыргыз советтик мамлекетин түзүүнүн башында тургандыгы, аны чыныгы улуттук лидер деп атоого негиз бар. Анын өмүрү жана ишмердүүлүгү келечек муундардын аң-сезиминде орноп, Ата Мекенди сүйүүнүн үлгүсү катары берилиши чагылдырылган.

**2 - жыйынтык.** Жусуп Абдрахмановдун 1924-жылдагы Орто Азияны улуттук-аймактык мамлекеттерге бөлүүдөгү орду өзгөчө болгонун ачып берген.

**3 - жыйынтык.** Жусуп Абдрахмановдун демилгеси менен жетекчилигинде 1920-30-жылдарда эле кыргыз тилинин милдеттүү түрдө окутулушу жөнүндө саясий документтер кабыл алгынган. Мындай чечимдер анын улуттук интеллигенциянын ири өкүлү жана даремети күчтүү, келечекти алдын ала көрө билген жетекчи экендигин айгинелейт.

**4 - жыйынтык.** Жусуп Абдрахманов Кыргыз АССРдин Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы болуп иштеп турган мезгилде, темир жол аркылуу соода экономикалык байланышты өнүктүрүү керек экендигин туура баамдалган. Азыркы улуттук кыргыз темир жол тармагына негиз салган алгачкы каттамдарынын курулушу каралган.

**5 - жыйынтык.** Көмүр казып алуу – оор индустриянын негизги тармактарынын бири болгондуктан, Жусуп Абдрахмановдун жетекчилиги астында жаны техникалар менен жабдылып, көмүр казып алуу бир кыйла жогорулаган. Анын демилгеси менен Сүлүктү көмүр ишканасын Өзбекстандан Кыргызстанга өткөрүп берүү зарылчылыгы тууралуу 1927-жылы 7-майдагы каттын негизинде И.В.Сталинге расмий кайрылуусунан кийин 1927-жылы 8-июлда СССР БАКтын Президиуму Сүлүктү көмүр кенин Кыргызстанга өткөрүлүп бергендиги ачыкталган.

**6 - жыйынтык.** Жусуп Абдрахманов таланттуу уюштуруучу, келечекти көрө билген жетекчи катары Кыргызстандын эл чарбасындагы эң орчундуу ири долбоорлордун ишке ашырылшын камсыз кылгандыгы, айыл чарбасын өнүктүрүү аркылуу калкты тамак-аш, азык-түлүк, өнөр жайды чийки зат менен камсыз кылдыргандыгы, мал чарбачылыгы, дыйканчылык аркылуу айыл чарбасынын өнүгүшүнө шарт түзүлгөнү көрсөтүлгөн.

**4. Диссертациянын илимий жаңылыгы жана анын тууралыгын баалоо менен практикалык маанилүүлүгүнө баа берүү:**

***Жумалиева Венера Боронбаевнанын*** диссертациялык изилдөөдөгү негизги бүтүмдөрү жана жалпы тыянактары Ата Мекен тарыхынын көйгөйлүү маселелерин изилдөөдө, окуу куралдарын түзүүдө жана теманын алкагында салыштырма изилдөөлөр жүргүзүлгөн илимий чөйрөлөрдө пайдаланууга болот

**5. Диссертациялык иштин негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына ылайык рецензияланган илимий басылмаларда жарыяланган 14 илимий макалада жана 1 монографияда чагылдырылган.

**6. Автореферattын диссертациялык иштин мазмунуна дал келиши:**

Жумалиева Венера Боронбаевнанын "Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү" деген темадагы кандидаттык диссертациясынын автореферааты диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине жооп берет. Анын басылмасы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык даярдалып, кыргыз, орус, жана англис тилдеринде резюме берилген.

**7. Диссертациялык иштин мазмуну жана жасалгаланышы боюнча кемчиликтери.**

Жумалиева Венера Боронбаевнанын 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү" деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктери менен катар төмөнкүдөй кемчиликтери аныкталды:

1. Диссертациялык иштин жазылышында кириш сөздө жана 1-бапта окшош, кайталанма сөздөр көп кездешет жана сүйлөмдөр узун түзүлгөн. Эгерде анын үстүндө иштесе, тавтологиядан арылат деген ишеничтебиз.

2. Диссертациялык. иштин кээ бир жыйынтыктарын жетиштүү деңгээлде күчөтүп тереңдетүү сунушталат.

3. Диссертацияда айрым редакциялык – стилистикалык жана техникалык кемчиликтер, мүчүлүштүктөр кездешет. Аларды жоюп, УАКтын талаптарына ылайык келтириш керек.

**8. КР УАКтын диссертацияларга коюлган талаптарга жооп бериши.**

**Жумалиева Венера Боронбаевнанын** 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изиденип алуу үчүн жазылган **"Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү"** деген темадагы кандидаттык диссертациясы өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп саналат. К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин "Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы" кафедрасы Жумалиева Венера Боронбаевнанын 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Жусуп Абдрахмановдун мамлекеттик ишмердүүлүгү" деген темадагы кандидаттык диссертациясынын мазмуну, түзүмү, илимий деңгээли, жабдылышы Кыргыз Республикасынын Окумушутуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун 11 пунктунда белгиленген "билимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниси бар маселелердин чечилиши" квалификациялык белгисине туура келет деп белгилейт. Диссертациялык иштин мазмуну илимий жоболорду, изилдөөнүн жыйнактары жана анын жасалгалоосу Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана изденүүчү Жумалиева Венера Боронбаевнанын 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы

адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду-пикир К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин “Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы” кафедрасынын атайын отурумунда 2025-жылдын 17-апрелинде талкууланып, кабыл алынды (протокол № 9).

Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси:

1. Д. Б. Сапаралиев – “Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн Тарыхы” кафедрасынын башчысы, т. и. к., (07.00.02) профессордун м.а., төрага;
2. Р. С. Бейсебаев - “Эл аралык мамилелер” кафедрасынын профессору, т. и. д., (07.00.02);
3. Т. Т. Машрапов - “Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультетинин” деканы, т. и. к., (07.00.02) профессордун м. а.;
4. Т. М. Рыскулов - “Эл аралык мамилелер” кафедрасынын башчысы, т. и. к., (07.00.02) профессордун м. а.;
5. Т. О. Бейшеналиев - т. и. к., (07.00.02) доцент;
6. К. Ш. Бийлибаев - т. и. к., (07.00.02) доценттин м. а.;
7. Н. Г. Жантелиева - т.и.к., (07.00.02) ага окутуучу;
8. М. М. Бегалиев - ага окутуучу;
9. Н. А. Алмазова - катчы.

К.Карасаев атындагы БМУнун Кыргызстандын
жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы
кафедрасынын башчысы, т. и. к.,
профессордун м. а. Сапаралиев Д. Б.
Катчы Алмазова Н. А.

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«17» 04 2025 ж.